**ЧЫГЫШ ТААНУУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ**

ВОПРОСЫ ВОСТОКОВЕДЕНИЯ

ISSUES OF ORIENTAL STUDIES

**e-ISSN: 1694-8653**
№2/2025, 324-329

**УДК:**
**DOI:** 10.52754/16948653_2025_2_39

# СОВЕТ БИЙЛИГИНИН АЛГАЧКЫ МЕЗГИЛИНДЕГИ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭТНИКАЛЫК МАМИЛЕЛЕРДИН ЖАНА МИГРАЦИЯЛЫК ЖАРАЯНДЫН ТАРЫХЫ (1920-40-ЖЖ.)

ИСТОРИЯ ЭТНИЧЕСКИХ ОТНОШЕНИЙ И МИГРАЦИОННОГО ПРОЦЕССА В КЫРГЫЗСТАНЕ В НАЧАЛЬНЫЙ ПЕРИОД СОВЕТСКОЙ ВЛАСТИ (1920-40-Е ГГ.)

HISTORY OF ETHNIC RELATIONS AND THE MIGRATION PROCESS IN KYRGYZSTAN IN THE EARLY PERIOD OF SOVIET POWER (1920-40S)

**Жаркынбаев Таалай**
*Жаркынбаев Таалай*
*Zharkynbaev Taalai*

**т.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.и.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Associate Professor, Osh State University*

---

**Абдуллаева Эркинай**
*Абдуллаева Эркинай*
*Abdullayeva Erkinai*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's student, Osh State University*

# СОВЕТ БИЙЛИГИНИН АЛГАЧКЫ МЕЗГИЛИНДЕГИ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭТНИКАЛЫК МАМИЛЕЛЕРДИН ЖАНА МИГРАЦИЯЛЫК ЖАРАЯНДЫН ТАРЫХЫ (1920-40-ЖЖ.)

**Аннотация**

Макалада социалдык этностук биримдиктердин, улуттук жана этностук топтордун, улуттук-мамлекеттик түзүлүштөрдүн ортосундагы коомдук мамилелердин тарыхы каралды. Этникалык мамилелердин «улуттук» жана «улуттар аралык» деген түшүнүктөрдүн карым-катнашы тууралуу түрдүү көз караштар айтылып, аларгатүшүндүрмө берилди. Илимий изилдөөлөрдө улуттар аралык мамилелер деп көп улуттуу мамлекеттердин ичиндеги элдердин (этнос) мамилелерин атоо кабыл алынган. Бул ыкма менен «этностук мамилелерр» жана «улуттар аралык мамилелер» түшүнүгү бир мааниде пайдаланылат. Улуттар аралык байланыштардын комплекси болбой туруп, улуттун кадыресе жашоосу мүмкүн эмес. Ал эми макалада 1920-40-жж. Кыргызстандагы этнкалык мамилелер жөнүндө азын-оолак маалыматтар берилди.

***Ачкыч сөздөр:*** Кыргызстан, улуттук мамилелер, этнос, этностук топтор, саясат, ресурс, приоритеттүү, экология

## *ИСТОРИЯ ЭТНИЧЕСКИХ ОТНОШЕНИЙ И МИГРАЦИОННОГО ПРОЦЕССА В КЫРГЫЗСТАНЕ В НАЧАЛЬНЫЙ ПЕРИОД СОВЕТСКОЙ ВЛАСТИ (1920-40-Е ГГ.)*

**Аннотация**

В статье рассмотрена история общественных отношений между социальными этническими объединениями, национальными и этническими группами, национально-государственными образованиями. Высказывались и разъяснялись различные точки зрения на взаимосвязь понятий "национальные" и "межнациональные" этнические отношения. В научных исследованиях межнациональными отношениями принято называть отношения народов (этносов) внутри многонациональных государств. При таком подходе понятия» этнические отношения «и» межнациональные отношения" используются в едином смысле. Нормальная жизнь нации невозможна без комплекса межнациональных связей. А в статье 1920-40-е гг. Об этнических отношениях в Кыргызстане известно немного.

***Ключевые слова:*** Кыргызстан, национальные отношения, этнос, этнические группы, политика, ресурс, приоритет, экология

## *HISTORY OF ETHNIC RELATIONS AND THE MIGRATION PROCESS IN KYRGYZSTAN IN THE EARLY PERIOD OF SOVIET POWER (1920-40S)*

**Abstract**

The article examines the history of social relations between social ethnic associations, national and ethnic groups, and national-state entities. Various points of view on the interrelation of the concepts of "national" and "interethnic" ethnic relations were expressed and explained. In scientific research, interethnic relations are commonly referred to as the relations of peoples (ethnic groups) within multinational states. In this approach, the concepts of "ethnic relations" and "interethnic relations" are used in a single sense. The normal life of a nation is impossible without a complex of interethnic ties. And in the article of the 1920s and 40s. Little is known about ethnic relations in Kyrgyzstan.

***Keywords:*** Kyrgyzstan, national relations, ethnicity, ethnic groups, politics, resource, priority, ecology

**Киришүү**

1920-жылдардын орто ченинде жаңы экономикалык саясаттын шартында Кыргызстандын эл чарбасын калыбына келтирүү аяктаган. Совет бийлигинин экономикага карата болгон монополизациясынын үстөмдүгүнүн шартында коомдун социалдык трансформациялануу процесси жүрө баштаган. 20– жылдардын аягынан тарта бардык тармактарда көзөмөлдөө, административтик методторду колдонуу көчөй баштаган.

Калктын санынын жана курамынын өзгөрүүсү Кыргызстандын түштүгүндөгү ресурстарга бай, өнөр-жай жана маданий борборлорунун бири болуп эсептелет. 1920-жылдардагы Кыргызстандагы окуялар мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү көрсөттү: саясий жана экономикалык реформалардын жүрүшүндө көптөгөн социалдык маселелер этникалык мүнөзгө ээ болду. Ошол окуялар этникалык кагылыш бул аймактагы этнодемографиялык жүрүмдөрдү изилдөөнү талап кылууда. Калктын санынын эсебин алуу, анын өзгөрүүсүн изилдөөдө административдик-аймактык түзүлүш да чоң мааниге ээ. Жалал-Абад облусунда 1921-жылдан 50-жылга чейин төмөнкүдөй административдик аймактык өзгөрүүлөр болуп өттү: «Кыргыз ССРнин облустарга бөлүүнү ишке ашыруу жана жаңы облустардын түзүлүүсү жөнүндө» токтомунун негизинде Ала-Бука, Базар-Коргон, Жаңы-Жол, Ленин, Сузак, Тогуз-Торо, Токтогул, Чаткал райондору жана Жалал-Абад, Кара-Көл, Көк-Жаңгак, Майлуу-Сай, Таш-Көмүр шаарлары (борбору Жалал-Абад шаары болуп), Жалал-Абад облусу Ош облусунан бөлүнүп түзүлгөн. 1930-жылдан баштап 1950-жылда өлкөдө өткөрүлгөн биринчи улуттук эл каттоодон кийин өзгөчө демографиялык жагдай пайда болгондугу байкалды жана ал 32 өзгөрүп турат. 1930-жылдагы эл каттоо материалдары боюнча облустун административдик-аймактык түзүлүшү, аянты, шаарлар, шаар тибиндеги поселоктор, айылдардын саны төмөндөгү жадыбалдагы абалды көрсөттү.

Демографиялык өсүүнүн түпкү теориялык жана практикалык маселелерин чечүүдө жана ошондой эле, курактык контингенттердин көлөмүн жана калктын санын прогноздоодо калктын жаш-курактык жана жыныстык курамын талдоо коюлган максатка жооп берет. Кыргызстандын түштүк аймагындагы калктын жаш-курактык курамы түрдүү мезгилдерде түрдүүчө калыптанган жана жалпы аймактык демографиялык факторлор менен түздөн-түз байланышта болуп, демографиялык өсүү мезгилдеринде түрдүүчө мүнөздөргө ээ болгон

Экинчиден, калктын улуттук курамынын 80% ынан ашыгы кыргыз жана өзбек улутунун өкүлдөрү. Алар салттуу түрдө көп балалуу болууну каалашат. Мисалы, кыргыздарда бир үй-бүлөгө орточо эсеп менен 3,2 бала туура келсе, тажик жана түрктөрдө - 3,1, өзбек жана уйгурларда - 3,0, ал эми татарларда - 2,4, украиндерде - 2,2, орустарда - 1,9 бала туура келет [1. 178-б.]. Акыркы жылдарда калктын табигый кыймылында, негизинен, төрөгөндөрдүн санынын кыскарышы менен байланышкан чоң өзгөрүүлөр болуп өттү. Аны төмөнкү себептер менен түшүндүрүүгө болот:

Социалдык-экономикалык абалдын таасири; Коомдогу жана үй-бүлөдөгү аялдардын абалынын өзгөрүүсү; Үй-бүлөнү пландаштыруу сыяктуу ишмердүүлүктүн жайылышы; Миграциянын таасири. Жалал-Абад облусунун калкынын орточо жыштыгы бир чарчы км. аянтка 26,1 адамды түзгөн болсо, анын ичинен Сузакта – 67,6, Базар-Коргондо – 58,9, Ноокенде – 41,1, Ала-Букада – 24,4, Аксыда – 20,6 адамды түздү. Ал эми тоолуу субаймактар болуп эсептелген Токтогулда – 9,4, Тогуз-Тородо – 5,5 жана Чаткалда – 3,2 адам туура келип, калктын жыштыгы бул аймактарда эң төмөн экендигиайгинеленди [2. 39-б.]. Калктын табигый

өсүүсү мурдагыга салыштырмалуу анчалык деле өзгөргөн жок. Бул жерде негизги маселе миграциялык жүрүмдөрдө болуп 41 жатат. 1959-жылдан 1970-жылга чейинки калктын бизге көп келүүсүнүн натыйжасында орточо жылдык табигый өсүүсү 3,6% болуп жаткан. Бул мезгилде индустриалаштыруу кеңири өнүгүп жаткан. Ири ишканалар курулган. 1989-жылдан 1999-жылга чейин республикадан 651,4 миң адам чыгып кеткен. Бул болсо туруктуу жашоочу калктын 14% ын түзөт. Ушул эле мезгилдер аралыгында Кыргыз Республикасына башка мамлекеттерден 257,9 миң адам же 6% адам көчүп келген. Республикада 1989-жылга салыштырмалуу шаардыктардын саны төмөндөгөн. Жалпы шаардыктар 1989-жылы 38,2% дан 65,2% га чейин өскөн, Жалал-Абад облусунда 30% дан 23% га чейин төмөндөгөн.Мындай калктын төмөндөп кетишине негизги себеп, шаарлардагы жана шаар тибиндеги поселоктордогу көмүр өндүрүп алуунун, түстүү металлургиянын, машина куруу өнөр-жайларынын иштебей токтоп калуулары бөгөт болууда. Ошол мезгилде Кыргызстандын демографиялык жагынан алганда жашы боюнча калктын 38,1% ын балдар жана өспүрүмдөр түзөт, 52,7% эмгекке жарамдуулар, 9,2 % ын карыгандар түзөт". 1929-жылдан 1939-жылга чейин Кыргыз Республикасынын калкы 365 миң адамга, шаар калкы 34 миңге же болбосо 2,3 % га өскөн. Айыл калкы 311 миңге же болбосо 09,4 % га жеткен. Башка аймактарга салыштырмалуу калкынын саны көбүрөөк өскөн Ош облусу 24,9 %, Жалал-Абад облусу 16,9 %, Баткен облусу 22,7 % га, Бишкек шаары 23% га көбөйгөн [3. 20-26-б.]. Бул Бишкекке көчүп барган ички мигранттардын арасындагы төрөлүүлөрдүн жогорулугунан болду. Ысык-Көл облусунун калкы 2,3 %, Талас облусунун калкы - 3,8%, Нарын облусунун калкы - 0,5% өсүшкөн. Чүй облусунун калкы болсо 1929-жылга салыштырмалуу 1,2% га кыскарган. Чүй облусунун элдеринин башка мамлекеттерге кетиши болуп эсептелет. 1928-жылдан 1929-жылга чейин республикадан 351,4 миң адам чыгып кеткен. Бул болсо дайым жашоочу калктын 14% түзөт. Ушул эле мезгилдер аралыгында башка мамлекеттерден 157,9 миң адам же 6% адам көчүп келген. Республикада 1949-жылга салыштырмалуу шаардыктардын саны төмөндөгөн. Жалпы шаардыктар 1949-ж калктын 28,2% 42 дан 65,2 % га чейин өскөн, Баткен облусунда калктын салыштырмалуу салмагы 26 % дан 19 % га, Жалал-Абад облусунда 30 % дан 23 % га чейин, Ош облусунун калкы 28,5% дан 23 % га чейин төмөндөгөн. Ысык-Көл облусунун калкы он жылдын ичинде 3,1 % га, Нарын– 12 % га, Чүй облусу– 25% төмөндөгөн. Учурда Жалал-Абад облусунун аймагында 80 ден ашуун улуттун өкүлдөрү жашайт. Көптөгөн миграциялык жүрүмдөрдүн жана түзүлгөн демографиялык жагдайдын натыйжасында, жыйырма жыл ичинде облустун улуттук курамында белгилүү өзгөрүүлөр болуп өттү. Демек, 1939-жылга карата 124,2 миң адамга өстү жана 49,8% түздү, ал эми 1949- -жылга карата 108,2 миң адамга өстү жана 51,8% түздү.

Кыргызстанда саны боюнча экинчи орунда өзбектер турат. Алар 1949-жылы 102 000 адам болсо, 1959-жылы 119030, башкача айтканда, 1929-жылы 16,3 миң адамга же 11% га өссө, 1939-жылы 18,7 миң адамга 1949-жылы облустагы калктын жалпы санынын ичинде кыргыздардын салыштырмалуу салмагы 61% ды түзсө, 1959-жылы 70%, ал эми 1969-жылы 71,8% ды түздү. 1959-жылы шаар жергесинде 64% болсо, айыл жеринде 72% түздү. Ошону менен бирге эле, облуста эмиграцияга байланыштуу орустардын саны 16,1 миң адамга, же 3 эсе азайды. Калган улуттар (бир нече ондогон) республиканын жалпы калкынын 1% түзөт. Татарлар – 9 миң адамга, же 2,3 эсе, украиндер – 7 миң адамга, же 3,9 эсеге, курддар – 6 миң адамга, же 3,8 эсеге, немецтер – 3,8 миң адамга, же 6,6 эсеге азайган. 90-жылдардын башында облустан крым татарлары (2,3 миң адам) биротоло көчүп кетишкен. Облустагы орустардын

88% шаар жергесинде, 12% айыл жергесинде жашашат. Орустардын салыштырмалуу салмагы облустагы жалпы калктын 2,1% ын, айыл жерлеринде болгону 0,34% ды түздү. Анын ичинде шаар жергесинде 7,9% ды түзсө, айыл жергесинде болгону 0,3% ды түзөт. Облус боюнча калктын орточо курагы 24 жашты түзсө, анын ичинде кыргыздардын орточо курагы – 23,1 жаш, өзбектер – 24,1 жаш, анда орустардын орточо курагы 39,2 жаш, татарлар – 39 жаш, украиндер 49,4 жашты түзөт. Орустардын, татарлардын, украиндердин орточо жаш курагынын жогорудагыдай көрсөткүчтү берүүсү төрөлүүнүн төмөндөөсү жана жаштардын эмиграциясы, өзгөчө өлкөдөн чыгып кетүүсү менен түшүндүрүлөт. Жалал-Абад облусунун көп улуттуу калкы этнодемографиялык жактан көптөгөн өзгөрүүлөргө дуушар болду. Калктын санынын динамикасына табигый өсүү жана миграция чоң таасирин тийгизди. 1990-жылдардагы Кыргызстандагы болуп өткөн бардык окуялар өзгөчө мүнөзгө ээ болду. Саясий жана экономикалык реформалардын фонунда көптөгөн социалдык маселелер этникалык мазмунга ээ болду. 44 Жалал-Абад облусунун Аксы, Ала-Бука, Базар-Коргон жана Сузак райондорунда калктын орточо саны бир кыйла көбөйүп, Ноокен, Чаткал жана Токтогул райондорунда калктын орточо саны өстү [4]. Тогуз-Торо районунда калктын саны бир калыпта турат десек болот. Облустун борбору болгон ЖалалАбад шаарында, ошондой эле, Кара-Көл шаарларында жашоочулардын саны жогорулады. Учурда облуста бир миллиондон ашуун калк бар.

**Колдонулган адабияттар**


1. Плоских В.В.Социально-демографическая политика Росси во втророй половине XIX первой четверти XX века (на примере Кыргызстана) [Текст]:Дисс.на соиск.канд.ист.наук /В.В.Плоских.- Фрунзе, 1970.178с.
2. Тайлакова, А.И. Миграционные процессы в Кыргызстане 30-е годы XX века. [Текст]/А.И.Тайлакова // Социальные и гуманитарные науки.- Бишкек, 2002. - № 3-4. –С.39
3. Плоских, В.М. Динамика численности населения Киргизии за 100 лет[Текст]/В.М.Плоских// Известия АН. Кирг. ССР.-Фрунзе, 1964.- № 6. –С. 20-26
4. Батырбаева, Ш. Источниковедческие проблемы использования материалов переписи населения 1926, 1937 и 1939гг.В изучении демографической истории Кыргызстана // интернет булагы.
5. Апышова, А. К. Совет бийлигине чейинки кыргыздардын отурукташуусунун айрым аракеттери / А. К. Апышова, Э. Пазыл Кызы // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Тарых. – 2024. – No. 1(4). – P. 123-130. – DOI 10.52754/1694867X_2024_1(4)_15. – EDN BDSRJK.
6. Таиров, К. А. Сүлүктү шаарынын кеңеш бийлиги мезгилиндеги социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсү / К. А. Таиров, Ш. Б. Шеров // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Vol. 2, No. 3. – P. 238-246. – DOI 10.52754/16947452_2021_2_3_238. – EDN SINFDF.
7. Дүйшеев, Ж. А. КЫРГЫЗ совет ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯСЫНЫН калыптанышы ЖАНА Жусуп Абдырахманов (1901-1938) / Ж. А. Дүйшеев // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Vol. 3, No. 3. – P. 47-51. – EDN QDKSRQ.

8. Алымбеков, К. А. Улут лидери - жусуп Абдрахманов / К. А. Алымбеков, Б. С. Кангелдиев // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Vol. 3, No. 3. – P. 24-32. – EDN CSUIEQ.
9. Азимова, Ж. Ч. Кыргызстанские исследователи об этнических противоречиях / Ж. Ч. Азимова // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Т. 1, № 3. – С. 5-13. – DOI 10.52754/16947452_2021_1_3_5. – EDN HLSKOG.
10. Алтымышова, З. Маданий революция жана агартуучу Базаркул Данияров / З. Алтымышова, Г. Эсеналиева // Вестник Ошского государственного университета. – 2024. – No. 4. – P. 123-132. – DOI 10.52754/16948610_2024_4_13. – EDN AFKQBO.
11. Козукулов, Т. А. Кыргызстандын коомдук-саясий турмушунда дин жана диний уюмдардын орду / Т. А. Козукулов, М. Р. Маметова // Вестник Ошского государственного университета. – 2022. – No. 4. – P. 99-109. – DOI 10.52754/16947452_2022_4_99. – EDN MBYGHN.